**Юридикалык жактарга – КРнын резиденттерине эсепти ачуу үчүн зарыл документтердин тизмеги:**

1. Юридикалык жактар, чейин катталган:

- 2009-жылдын 1-апрелине чейин:

- Юстиция органдары тарабынан катталган Устав (нотариуста күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү). Эркин экономикалык аймакта катталган юридикалык жактар, ЭЭАтын дирекциясы тарабынан күбөлөндүрүлгөн Уставдын көчүрмөсүн беришет;
- Бар болсо, Юстиция органдарында катталган уюштуруу келишими (нотариуста күбөлөндурүлгөн көчүрмөсү). Эркин экономикалык аймакта катталган юридикалык жактар, ЭЭАтын дирекциясы тарабынан күбөлөндүрүлгөн уюштуруу келишиминин (бар болсо) көчүрмөсүн беришет.

- 2009-жылдын 1-апрелинен кийин (кошо):

- Устав (жетекчинин колу жана юридикалык жактын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү). 2010-жылдын 22-фнварынан кийин (кошо) катталган каржылык-насыялык мекемелер, жана бардык саясий партиялар, диний уюмдар, башка коммерциялык эмес уюмдар Юстиция органдарында катталган, нотариуста күбөлөндүрүлгөн Уставдын көчүрмөсүн беришет;
- Бар болсо, уюштуруу келишими (юридикалык жактын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү), эгерде уюштуруу келишими Юстиция органдарында катталган болсо, анын нотариуста күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү берилет.

2. Юридикалык жакты Юстиция органдарында мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк (жетекчинин колу жана юридикалык жактын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү, Эркин экономикалык аймакта катталган юридикалык жактар үчүн юридикалык жактын ЭЭАтын субъектиси катары эсептик катталуусун күбөлөндүрүүчү күбөлүктүкошумча беруүлөрү зарыл;
3. Колдордун жана мөөрдүн тагынын үлгүлөрүнүн карточкасында көрсөтүлгөн, биринчи жана экинчи кол коюу укугу менен келишимдерге жана каржылык документтерге кол коюуга ыйгарым укуктарга ээ кылынган адамдар тарабынан кол коюлган жана юридикалык жактын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн эсепти ачууга арыз;
4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык лицензиялоого жатуучу ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугуна лицензия (документтин түпнускасы берилет, эсепти ачып жаткан кызматчы андан көчүрмө алууга тийиш)
5. Борбордук Казыначылыктын банкта эсеп ачууга уруксаты (республикалык же жергиликтүү бюджеттик уюмдар, ишканалар жана мекемелер үчүн);
6. Колдордун жана мөөрдүн тагынын үлгүлөрүнүн карточкасында көрсөтүлгөн адамдардын эсепти ачууга жана юридикалык жактын эсепте турган акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктарын тастыктоочу документтер (жетекчинин колу жана кардардын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн ишеним каттын түпнускасы, уюштуруучунун/катышуучунун дайындоо жөнүндө буйруктарынын жана уюштуруучулардын/катышуучулардын жалпы чогулушунун юридикалык жактын жетекчисин дайындоо/шайлоо жөнүндө чечимдеринин көчүрмөлөрү.
7. Акционердик коомдор беришет:
    - көз карандысыз реестр кармоочу тарабынан күбөлөндүрүлгөн акционердин/ акционерлердин жалпы чогулушунун коомдун жетекчисин дайындоочу Директорлор кеңешинин курамын шайлоо жөнүндө чечиминин көчүрмөсүн, ал эми эгерде акционердик коом Директорлор кеңешин түзүүсүз иштесе – көз карандысыз реестр кармоочу тарабынан күбөлөндүрүлгөн акционердин/акционерлердин жалпы чогулушунун коомдун жетекчисин дайындоо жөнүндө чечиминин көчүрмөсүн;
    - Директорлор кеңешинин жетекчинин колу жана кардардын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн коомдун жетекчисин дайындоо жөнүндө протоколунун көчүрмөсүн.
8. Юридикалык жактын каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу кылынган адамдардын өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтер (таанышуу үчүн түпнускасы берилет, андан көчүрмө алынат, мында негизги барактын, каттоосу бар жана кардардын колу бар барактын көчүрмөсү алынат). Эгерде өздүгүн күбөлөндүрүүчү документ чет тилинде түзүлгөн болсо, анын нотариуста күбөлөндүрүлгөн орус тилине котормосу кошумча берилет.

9. Салык кызматы органынын салыктык каттоо фактысы жана салыктык карызы жоктугу жөнүндө маалым каты;
10. Колдордун үлгүлөрү жана юридикалык жактын мөөрүнүн тагы бар нотариуста күбөлөндүрүлгөн карточка 1 нускада;
11. ЭЭАта катталган юридикалык жактар, юридикалык жактын Кыргыз Республикасынын статистика органдарында катталганын тастыктоочу документти кошумча берүүлөрү зарыл.
12. Кардар менен түздөн-түз байланышсыз алыстан туруп жетип операцияларды жүргүзүү үчүн кардар-юридикалык жак менен мамилелерди орнотууда Банк кардардан анын Кыргыз Республикасында экономикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруусун тастыктаган документтерди (келишимдерди, контракттарды, бажы декларацияларын, салык декларацияларын ж.б.) да суроого тийиш.